



# АРЧА ЖЫТТУУ АЙЫЛЫМ

**Акматбек**
**БОРОБАЕВ**

Акматбек Боробаев

# АРЧА ЖЫТТУУ АЙЫЛЫМ



«Бийиктик»
Бишкек–2007

АКСЫ РАЙОНДУК
БОРБОРДУК КИТЕПКАН
Инв. № 41895

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Б 83

Боробаев Акматбек
Б 83 Арча жыттуу айылым. Ырлар. - Б.: "Бийиктик", 2007. - 128 б.

ISBN 978-9967-13-277-1

Автор бул ыр жыйнагында өзүнүн туулуп-өскөн айылынын табияты, ыйыктыгы, сулуулугу жөнүндө сөз кылат.

Б 4702300700-07
ISBN 978-9967-13-277-1

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Боробаев А., 2007



## АРЧА ЖЫТ ЫРЛАР

Эгемен жылдардын адабияты, айрыкча учурдагы кыргыз шээрияты нөшөрдөн кийинки тоо суусун элестетет. Кичинеси да, чоңу да, аттуусу да, жөөсү да жаза бербей эмине, кыла бербей эмине деген кыргызбайлык менен ыйык, тунук өлкөнүн булуң-бурчун калтырбай ээлеп-чардап, ойноп-тойлоп алгысы келген көпчүлүк пайда болду. Атүгүл кечээ эле атакесинин мойнунан түшпөй алчайган гүлнартентектер бакыйган прихватчы-папалардын шарданы менен туулган күндөргө, ардактуу атакебайы, асыл апакебайларына арналып чүргөлгөн, өздөрү айткандай «жалын жаштыктын» жалган романтикасы, курулай сентенцияларга жык толгон ондогон «алгачкы жыйнактарын» байма-бай чыгарып ийгенге үлгүрүштү. Ыңкылапка жуп ойрон Осокебиздин ормонтакилиби астында кайрадан улуттук статус алдында уюуга үлгүргөн Жазуучулар Курамынын баш-төшчүлөрү андай тандырдан жаңы чыккан эрке кыз, эселек уулдардын күргүштөгөн «чыгармачылыгын» кайсыл критерий, кандай баа, эмне категория менен баалап, кайда кошоорун билбей эстери оошууда.

Ушул өңүттөн караганда ошол эгемен күргүштөгөн кыяндын ичинде аз болсо да өз үнү, аз болсо да саз дей турган айрым бир поэзия талапкерлери бар. Кийинки эки-үч жылда эле мен билгенден таанымал обончу М. Бостонкулов эки,

мурунку парткызматкер - публицист С. Ньшаналиев, анан ушул бүт өмүрү дарыгерликте келаткан А. Боробаев, бирден жыйнактарын чыгарып отурат. Болгондо да көпчүлүгү алтымыш жашты аркалап баштаганда. Өзүнчө эле алтымыш жаштагылардын поэзиясы!

Эми жыйнакка келсек, кадимки Молдо Багыш акундун небереси, куттуу төр Аксынын кулуну айдыңдуу алтымышында, өткөн өмүрүнүн жыйынтыгы катары чыгарган китебинин не жаңылыгы, не жаңырыгы бар?! Тоолуктун ыры көзүнө көрүнгөндү кошуп жамактай бергенден жаралат деди беле чоң тоолук Расул Гамзатов? Ансыңары А. Боробаевдин бул китебинде да көп нерсе бар. Өлүм, өмүр, сүйүү, табийгат, эне, ата дегендей... Көп нерсе... Бейиштунук Аксынын табияты, ыйык көл Сарычелектин мөл сулуулугу... Иши кылып адамды адам кылып кармап турган өмүр таасирлер... Жаман эмес, ыр курам, маани-маңыз дегендей.,. Ал эми терендик жана оригиналдуулук жөнүндө кеп башка. Аларга да сөз оңуту келээр. Анүстүнө биринчи жыйнак келечек чыгармачылыктын авансы гана. Кантсе да кыргыз окурмандарына дагы бир чыгармачыл "заява" жасады.

Азырынча аккан арыктан суу агат деп туруп чоң теринин бучкагы, чоң акундун урпагы Акмат акынга байсалдуу сапар, багыттуу жол каалап коёлу.

**Мамат Болот.**





## КЫРГЫЗЫМ

Улуулуктун бир белгиси эмеспи,
Жөп-жөнөкөй жөө жомоктой мүнөзүң.
Кырылсаң да кылымдардын мизинде,
Кыргызмын деп, кыргыз бойдон жүрөсүң.

Сырттандыгын чыгарбастан сыртына,
Сырын каткан кыргыз деген жүрөгүң.
Ак калпакчан Манас бабаң өңдөнгөн,
Ала-Тоодой сенин жериң, түнөгүң.

Эрдигиңди өзүң эч бир элебей,
Күйүтүңдү күүгө салып келесиң.
Баатырлардын баарын топтоп эпоско,
Бабалардын ташка чегип элесин.

Кырк жигитти кылдап алып баатырлар,
Коргоп келди кыргыз элим, жеримди.

Кырк сан колду баштап барып хан Манас,
Кезегинде чапкан эле Бээжинди.

Кыргыз аты «Кырк гуз» делип тарыхта,
Чечмелесе Кырк урууну билдирет.
Дүйнө элинде, кырк сан ыйык эсепте,
Анда эмесе, Кыргыз ыйык эл, демек!





**САРЫ-ЧЕЛЕК**

Дүйнөдө жети укмуштун,
Бирөөсү анык Сары-Челек.
Алтын казык Аксыга,
Табият берген кут белек.

Ак чоку тоолор койнунда,
Мүрөктүн суусу мөлтүрөйт.
Көлдөрдү кызга теңесек,
Сары-Челек анда Айчүрөк.

Кынтыксыз чырай, көркөмү,
Сыйбастыр эч бир сүрөткө.
Элеси калат кетпестен,
Каректер менен жүрөктө.

Көк тирейт көлдүн төрүндө,
Авлетимдин аскасы.
А балким ушул Сары-Челек,
Зулайканын көз жашы.

Ай менен күндөн төрөлөт,
Сары-Челек өңдүү керемет.
Тең келчү көлдү издебе,
Ал өзүнө гана теңелет.

Айтылган улуу бир сөз бар:
«Дүйнөнү сактайт сулуулук»,
Ал сөзгө арзыйт Сары-Челек,
Адамдар келсе сыйынып.





## ТУРАНДЫН КЫЗЫЛ ЖОЛБОРСУ

*(Баяс Туралга)*

Туран ээлеп турчу эле,
Азиянын борборун.
Туусуна тартчу сүрөтүн,
Турандын кызыл жолборсун.

Өрттөнүп камыш кетчүдөй,
Жалындай сүрдүү кызарган.
Жолборстордун, жолборсу,
Жортуп чыккан Турандан.

Беттештирип барс менен,
Сынаган элим баатырын.
Жоого тийген, жолборстой,
Душмандын берип катыгын.

Жоокерчилик заманда,
Туш тарапка жоо болчу.

**Жоокер кыргыз аталган –**
**«Турандын кызыл жолборсу».**

**Кырылып кетип таптакыр,**
**Кызыл жолборс кыраан жок.**
**Алптардын болгон мекени,**
**Азияда Туран жок.**





## ЖОРГО

**Кээде эңсеп, өткөн күндү эскерем.**
**Бакырaң көз балалыкка кез келем.**
**Эске түшөт, атам берип камчыны,**
**«Атты балам, минип келчи тез» - деген.**

**Айтып өтсөм карагерден бир элес,**
**Жорго болчу, көп жоргодон кем эмес,**
**Анда атам, ат жалына жарашкан,**
**Жигит эле кер мурутчан кебелбес.**

**Болбосо да Шырдакбектин туу жорго,**
**Ал карагер аталуучу суу жорго.**
**Жылкы пири - Камбар ата колдоочу,**
**Жорголугун салган кезде чоң жолдо.**

**Башка жанга, теңечү эмес жоргосун,**
**Барктагандай ажырагыс жан досун.**
**Өзү койгон аттын аты «Васка» эле,**
**Эскергендир фронттогу жолдошун.**

Улам кызып жорго салса карагер,
Туягынан омкорулчу кара жер.
Ого бетер чум карага айланчу,
Көбүк чачып, төгүлгөндө кара тер.

Канжыгада дайым жүрчү дорбосу,
Эч убакта жорго ачка болбочу.
Көп жорголор аңыз сөздө айтылса,
Анык эле, атабыздын жоргосу.





## ...ИЗИМДЕР...

- Кимсиң? - десе, - жооп берем
Сендеймин,
- Турмуш кандай?
Жаман эмес элдеймин.
Суроо, суроо, туш тарапта суроолор...
Өзүм сурайм: кай замандан келгенмин?

Тагдыр буйруп, бу дүйнөгө келгенмин,
Ала-Тоолук кыргыз деген элденмин,
«Изимдердин» «изиминде» жашаган,
Дагы «изимге» туш келген бир пендемин.

Суроо берем: «кыйынсыңар кимиңер?»
Мен окуган, мен жашаган «изимдер».
Аз жыргатып, көпчүлүгүн кууратткан,
Бул турмушта барбы эки жүзүңөр?

Жыйырманчы кылымдагы «изимдер»,
Тууралыгын турмуш өзү изилдер.
Жерге тынчтык, элге чындык келбесе,
Жер бетинен сууп кетээр изиңер.

## ЭКИ УЮЛУ БИР ЖЕРДИН

Бир койгондой тарс! Эттирип чекеңе,
Түндүк, Түштүк деп бөлүшсө экиге.
Куру намыс, курмушудай курушкан,
Түү! Түкүрдүм эки жүздүү бетиңе.

Бүтүн элди бөлүп айтсаң экиге,
Сен кумалак сары майдын ичинде.
Бийлик, мансап, айттырса ал сөзүңдү,
Теңелбейсиң кыргызымдын итине.

Кыргызымды бөлүп айтсаң экиге,
Доо кетерин билбейсиңби Мекенге.
Түндүк, Түштүк эки уюлу бир жердин,
Түшүндүрөм түркөйлөнгөн безерге.

Семиздериң, арыгыңды сүрсүттү,
Баатырларың коркогуңду үркүттү.
Сынай турган мезгил келди кыргызым,
Бөлбөгүлө Түндүк менен Түштүктү.





## ЧОҢ ЭНЕМДИН АЙТКАНЫ

Эс тартып келе жаткан убагымда,
Чоң энем айткан сөздөр кулагымда.
«Турпагы туулган жердин алтын» балам,
Ар дайым кайрымдуу бол, тууганыңа.

Сексенден ашып калган курагында,
Айрыкча куюп айткан кулагыма:
«Көбүрөөк өнөрлүү бол ошол байлык,
Артынан көр дүйнөнүн куубагыла».

Коңур үнү окшошуп жылаажынга,
Чындык сөздү көп айтчу чырагына,
«Сабыр түбү сары алтын», билгин балам,
Кыйынчылык келсе, да чыдагыла.

Таянып аса-муса таягына,
Кабак чытып сөз айтчу чунагына
«Кор кылсаң, чөп да бир күн көзгө саят»
Калбагын макулуктун убалына.

Эмнени сурасам да мейли деген,
Берекелүү жан эле, пейли кенен.
«Кечиримдүү болгунуң, кекчил болбой,
Дос күтүп, жолдош күтүп теңиң менен».

Ичирип өзү уюткан айранынан,
Калпычу акыйкат сөз кайнагынан.
«Дүйнөдө эң кымбатың атаң-энең,
Алардын жаралгансың кан-жанынан».

Кеткичекти чын дүйнө турагына,
Насаатын айтты далай ынагына.
Үн катпай калуучу эле үшкүрүнүп,
Дегендей: - «Ак сөзүмдү улагыла».

Улуулукту сыйдырып турпатына,
Улуу сөздү калтырып урпагына.
Андан кийин чоң энем кетти айланып,
Туулган жердин түбөлүк турпагына.





## БАЛАЛЫК

Алда кайда алыстадың балалык,
Уча качкан куштай, колдон суурулуп.
Көзгө элестейт, кейпиң чаңга бөлөнгөн,
Топурактан жасалгандай жуурулуп.

Керээлиден кечке ойноп жүрчүбүз,
Өзү теңдүү балдар чогуу топурап.
Оюнчуктун эң кызыгы болуучу,
Айылдагы чоң жолдогу топурак.

Үйүп туруп, сууну сепсек үстүнө,
Боз үй окшоп, туруп калчу томпойуп.
Ылай нандар керегинче жасалчу,
Кошо жайнап боорсоктору борсоюп.

Колдон келген, баарын жасай берчүбүз,
Төрт түлүктөн ат, төөнү баш кылып.
Очок казып, казан асып койчубуз,
Оюбузда түркүн тамак-аш кылып.

АКСЫ РАЙОНДУК
БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
Инв. № 41895

Жай саратан, ысык аптап күндөрү,
Сууда балдар чардачубуз киринип.
Кум чоподон куруп шаарды салчубуз,
Чырдашпасак, баш кошулуп биригип.

Эс-акылга киргизгенче убакыт,
Чоң жолдогу топуракта ойногом.
Мыкчып-эзип, жууруй берип камырдай,
Мен андагы микробун койбогом.

Алда кайда, алыстадың балалык,
Уча качкан, куштай колдон суурулуп.
Көзгө элестейт, кейпим чаңга бөлөнгөн,
Топурактан жасалгандай жуурулуп.





## ТУУГАН ЖЕР

Шам чыраксың жагылган,
Тумарсың төшкө тагылган.
Турпатыңды туу тутуп,
Тууган жер сени сагынам.

Эң алгач үнүм жаңырган,
Жүрөгүм сенден кагылган.
Белесте өскөн арчаңдын,
Бешигине таңылгам.

Ташталган сенден кадамым,
Башталган сенден ааламым.
Үрөнүм сенден себилген,
Үйүм сенсиң, балаңмын.

Жазында селдеп октолгон,
Жайында жоошуп токтолгон.
Айланам эрке дайраңдан,
Жаш баладай шоктонгон.

Күнгөйүң менен тескейиң,
Ал сенин жүзүң, беттериң.
Кырларың кырдач мурунуң,
Үнкүрлөр көзүң, чап-териң.

Өзүңдөн өстү данегим,
Өзүңдө дайным, дарегим.
Жашоодо кайда жүрбөйүн,
Өзүңдөн учат карегим.





## ОМОР ХАЯМ

Омор Хаям түшкөн кезде оюма,
Суроо турат кобрадай койкоюп.
Омор Хаям белгилүү да белгисиз,
Сырын каткан, сырдуу дүйнө оркоюп.

Акыл оюн, атып аалам жылдызга,
Анын кайра жаңырыгын тыңшаган.
Жүзүм жүздүү шараптарга тамшанып,
Ырга ороп сулууларды жыттаган.

Төрт саптары төп келишкен ойлорго,
Төгөрөктүн төрт бурчуна тарады.
Ырларында ышкы, жаштык, мастык бар,
Чөйчөгүнө жарашкандай шарабы.

Айтып, жазып келип кетет генийлер,
Бирок бүтпөйт бул дүйнөнүн чатагы.

Омор Хаям үчүн тосту көтөрөм,
Улуулуктун бир символу катары.

Рубайлары окулганы окулган,
Он кылымдын окурманын ойлонтуп.
Омор Хаям, сыр дүйнөсүн кайтарып,
Суроо турат кобрадай койкойуп.





## БАЛАЛЫКТЫН АСМАНЫ

Кышкы чилде суугунун күчүнөн,
Бала чакта далай жолу үшүгөм.
Кийим, буюм баары болчу жамачы,
Жалгыз гана асман эле бүтүндөн.

Ал убакта айылым тайган күчүнөн,
Бир камырлык ун чогулчу үч үйдөн.
Айланада арык-торук көп эле,
Кумурска да, куру калып, күкүмдөн.

Согуш бүтүп, кайткандары сүйүнгөн,
Канча энелер, кара кийип күйүнгөн.
Мезгил эле Мекен үчүн кан төгүп,
Аталардын муштумдары түйүлгөн.

Чоң аталар чоюн алптай күрсүнүп,
Чоң энелер кээде отурчу үшкүрүп.
Кабыргасы кайышса да канчалык,
Алар айтчу: - «Эсенчилик, шүгүрлүк».

Турса дагы, турмуш сүрдүү сурданып,
Кетчү элек, ойноп качып, уурданып.
Байчечекейдин баарын терип алчудай,
Күңгөй беттен күйүккөнчө чуркадык.

Түн ичинде, сүтак турчу муңканып,
Таң атарда кетчү араң тынч алып.
Асан-Үсөн түшсө айыл үстүнө,
Асман турчу алтын кемер курчанып.

Өмүр улам өрүлүүдө камчыдай,
Өзүм аны бара жатам камчылай.
Бала кезден көзгө сүйкүм көк асман,
Жакшы кабар алып келчү жарчыдай.

Көзгө элестейт, өткөн күндөр тасмасы,
Баш жагында, бала кездин таскагы.
Качан болсо карегимден кетпейсиң,
Балалыктын, айылымдын асманы.





**ӨМҮР**

Башталышы бажырайган балалык,
Мөл булактай мөлтүрөгөн тазалык.
Бозой кезиң боз торгойдой сайраган,
Бой тумардай көк асманга кадалып.

Жигит кезиң жадыраган жайдары,
Сугун арткан асмандагы ай дагы.
Толгон кезиң тоту куштай кулпунган,
Тамшандырган өмүрүндүн каймагы.

Кыз кезегиң өмүрүндүн гүл багы,
Күнүлөгөн асмандагы күн дагы.
Күмүш сымал шаңкылдаган күлкүндөн,
Жарык боло түшүүчүдөй түн дагы.

Балалыгы бачым өттү өмүрдүн,
Жаштык кези шашып өттү өмүрдүн.
Баркын билип, бал татыган кезинде,
Бул жашоого канып өтчү өмүрүм.

## АРЧА БЕШИК, АРЧА КӨПҮРӨ

Арча бешик, арча көпүрө,
Көкүрөктө, дайым көңүлдө.
Бири бөлөп, бири төшөлүп,
Жөлөк болду кымбат өмүргө.

Бөбөк кезиң өмүр бермети,
Арча бешик аны терметти.
«Эр болгун» - деп - «элдей болсун» - деп,
Энем жасап чексиз мээнетти.

Айылдаштар аккан өзөнгө,
Арта салчу арча көпүрө.
Алгач ирет андан өткөмүн,
Чоң турмушка, аркы өйүзгө.

Аккан суудай өмүр өтүүдө.
Беттеп чыгып, чындык, төгүнгө.
Алтын туурум ыйык серемдей,
Арча бешик, арча көпүрө.





## УБАКЫТ

Чыгыш жактан, таңдын нуру ташталат,
Күндүн жүзү, ак чокудан кашкаят.
Жер бетине жан киргизип жарыктык,
Түмөн түйшүк, көр тирилик башталат.

Кароолчу жер шыпырса эртелеп,
Аны коштоп теректер шуу термелет.
Желип өткөн желден ушак укнансып,
Башын ийкеп чөптөр назик сеңселет.

Таң атат да куштай сызат убакыт,
Күн артынан, күндөр өтөт чубалып.
Ай чырайын ачып-жабып жаңырат,
Бир айлыктын эсеп-чотун чыгарып.

Сезилбестен тегеренип жер көчөт
Билинбестен ай артынан жыл өтөт.
Төрөп улам, төрт мезгилди жер эне,
Табиятка арча бешик терметет.

## АЙ

Ай сайын айың жаңырат,
Асманың сырга тагынат.
Ар күнү айды көрбөсө,
Алтын казык сагынат.

Ай сайын айың жаңырат,
Ай чырайын жаңылап.
Үч күнү калса көрүнбөй,
Үркөрүң айды сагынат.

Ай толуп кайра карыгат,
Жети күн өтпөй жаңырат.
Жети күн калса көрүнбөй,
Жетиген айды сагынат.

Ай жоголот, таарынат,
Асмандан кайра табылат.





Ай менен кошо жүрбөсө,
Чолпон жылдыз сагынат.

Ай сайын айың толгонсун,
Бекинчек оюн ойносун.
Түнкүсүн жерди сагынтпай,
Асманда дайым ай болсун.

## НООРУЗ

Кылымдардан кылымдарды карыткан,
Эски жылды, жаңы жылга жаңырткан.
Эзелтеден келе жаткан Ноорузум,
Элди, жерди жамандыктан арылткан.

Табияттын зор күчүнө багынып,
Жаз жадырайт жыпар гүлүн тагынып.
Ноорузда бейм бабалардын батасы,
Алас айтып, арча ысырык салынып.

Жаздын өзү жашоодогу керемет,
Ноорузумда күн менен түн теңелет.
Баарын баккан, жансыз менен жандууну,
Жердин өзүн, бүт адамзат Эне - дейт.

Чимирилет турмуш аттуу дөңгөлөк,
Урпак улап, бөбөк келет жөрмөлөп.
Жер очокто кайнап келет ар жылы,
Жер эненин сүтүнө окшоп сүмөлөк.





## КЫЛЫМ СУРОО

Кылым келет, суроо таштап кылымга...
Чыңгызхандын чындыгына жеталбай.
Муз доорунан - түндүк, түштүк уюлдан,
Адам келет, тоңуп, үшүп өтө албай.

Алмустактан акыл-ойду кемирген,
Аалам чексиз, аалам суроо түгөнгүс.
Айга конуп, жылдыздарга кол сунуп,
Бирок адам жер бетинде жүдөөбүз.

Ооруп-сыркап онтоп келет адамзат,
Анын баары өзүбүздүн күнөөбүз.
Канын төгүп, макулуктун, адамдын,
Кайсы гана алыбызга күлөбүз?

«Кыямат» - деп кылымдардан айтылат.
Ал сөз биздин кулактардын сыртында.
Дүйнө кызык, бирок аңдыйт кыямат
Тегеренген жер үйүңдүн бурчунда.

## ЭНЕ

Уккан сөзүң ууктурат денеңди,
«Уулу таштап кеткен» - десе энени.
Ташталгандар ондоп, жүздөп, саналса,
Кимге керек, бу дүйнөңдүн кенени?

Эне барда жашыбыз да, карыбыз,
Эне дейбиз, эркелейбиз баарыбыз.
Кесирленип, кетсек таштап энени,
Келер оозго, чыгаар кезде жаныбыз.

Бул дүйнөдө жаман, жакшы көп болот.
Жакшысына адам көөнү ток болот.
Каргышынан ата-ененин, сактай көр,
Каргыш айтса бар дүнүйөң жок болот.

Аял болуу оңой эмес дүйнөдө,
Андан дагы, эне болуу кыйындыр.





Балдарына акыл берип Жараткан,
Эң биринчи энелерге сыйындыр.

Бүт ааламды жаратканcың Кудайым,
Кечире көр, бир пенделик кылайын.
Аял заты канча жолу төрөсө,
Ошончолук бейишинди сурайын.

## АРЧА ЖЫТЫ КАНЫМДА

Басып барсам, мен арчанын жанына,
Бүткүл денем, толо түшөт каруугa.
Бала кезден ыйык сезем арчаны,
Жыты дагы, сиңип калган каныма.

Бөбөктөрдү бөлөп арча бешикке,
Терметишет торолгончо наристе.
Аластaшып арча ысырык салышат –
Консун дешип уясына периште.

Эс тарткандан, жытын искеп аңдагам,
Билген сайын, мен арчага таңданам.
Жайы-кышы, жашыл өңү өчпөстөн,
Жаз жамалын, өз боюна кармаган.

Өсөт арча, жердин бетин тандабай,
Өсөт арча шашылбастан жайма-жай.





Аска боордо тургандыгын көргөндө,
Болсом дейсиң, ошол жашыл арчадай,

Арчаларды эңсейм дайым сагына,
Аласталса, ал айланат дарыга.
Бабалардын, ата-эненин деминдей,
Бала кезден арча жыты канымда.

## ДҮЙНӨҢ ТҮШКҮР

Дүнүйөндүн түйшүгү көп түгөнгүс,
Ал бараткан азоо аттай жүгөнсүз.
Чачып отту, атып окту адамдар,
Жер бетинде көбөйүүдө күнөөбүз.

Эрмегибиз тоголонгон топ менен,
Эркиндикти ооздуктайбыз ок менен.
Шейит болду миллиондор согуштан,
Онтоп турат жердин өзү ок жеген.

Кээ бир өлкө кереметтүү бейиштей,
Кээ бир өлкө ашатылган теридей.
Эфирлерде көп сөз, пок сөз айтылып,
Эки тарап бирин-бири жеримей.

О, биз качан шүгүрчүлүк кылабыз,
Балким баарын жоготобуз, кырабыз.
Жердин өзүн дарбыз сымал жара тээп,
Андан кийин гана мүмкүн тынабыз?





## РЫСПАЙ

Мөл булактын шылдыр аккан үнүндөй,
Жаз айынын жадыраган күнүндөй.
Обон салды Рыспайдын жүрөгү,
Сагындырган Сары-Челек көлүндөй.

Буйрук кылып, сени берген жериме,
Миң рахмат, Жаратканга-Теңирге.
Аккордеонун канат кылып жайганда,
Кучак толо обон сунчу элине.

Жашоо ага жалаң ырдан бүткөндөй,
Обон салды, эли самап күткөндөй.
Ал ийилди жалаң гана сахнада,
А турмушта өттү сынбай, бүктөлбөй.

Ал ырдаса, сакайуучу ооруган,
Алыстаган, ажал дагы тооруган.
Түгөйлөшү болчу обону өзүнө,
Түшүрбөдү аккардионун колунан.

Таттуу кыял, үзүлбөгөн үмүттөй,
Обондору сүйүүшкөндөр жүзүндөй.
Өмүрүнүн жай мезгили бүтпөстөн,
Өтүп кетти күздүк түшүм үзүлбөй.

Канча жүрөк камалганда туюкка,
Үнүн уккан, учуп-конду булутка.
Ырын тыңшап моюндашып сүйүшкөн,
Ырдын пири Рыспайды унутпа.

Өзү кетип, калды тарткан кыягы,
Булбул үнү, жаш баладай кыялы.
Өмүр бою жоргосунан жазбады,
Рыспайдын ырдан бүткөн туягы.

Чыгыш жактан, чыккан чолпон
жылдыздай,
Таңшып өттү кыргызымда Рыспай.
Кыска өмүрдө, кызмат кылды элине,
Кылымдардан кыргыз черткен комуздай.





## ЖАЙЛОО КЕЧИ

Уйлар окшоп жайлоонун келиндери,
Уйлар келет жер чийип желиндери.
Жакындаса баарысы жоошуп токтойт,
Көрүшкөндө жең түргөн келиндерди.

Сылагандай жалашып, маңдайынан,
Сурагансып мөөрөшөт, ал жайынан.
Томурандап торпоктор эмчек сорот,
Чопулдатып үн салып таңдайынан.

Шаан-шөкөттүү, жайлоодо саан маалы,
Кызмат өтөйт какайган казык дагы.
- «Айда, байла!» - торпоктор тополоңу,
Тостурбастан карачы эмип салды.

Төрт эмчеги желиндин салааланат,
Көбүктөнүп сааганда саамал агат.

Челектер созолонуп үн чыгарып,
Жайлоонун жаңы обону тарап барат.

Уйлардын желиндери ийип турду,
Ак чоку, батар күнду кийип турду.
Магдырап жайлоо кечи кирип келип,
Очокто, от алоолоп күйүп турду.





## ЧОҢ ЭНЕЛЕР

Ата-энебиз жалбарып мээрим төккөн,
Кечээ эле, балалык күндөр өткөн.
Эске түшөт жарыктык чоң энелер,
Күрп тооктой куйүмдүү, үрпөндөшкөн.

Бала кыял, жок нерсени болтурчу,
Айыл ичин, күлкү шаңга толтурчу.
Кабагына калканч кылып колдорун,
Чоң энелер дүрбү салып олтурчу.

Жүрүүчүбүз керээлиден кечке ойноп,
Суучулдуктай сууну кечип, суу бойлоп.
«Кокуй агат, кокуй оорун калат» - деп,
Коруп жүрчү кокустукту миң ойлоп.

Курсак ачып, кайра келсек жанына,
Кучак жайып, тосуп алчу сагына.
Садагага чабып, өпкө, жүрөгүн,
Беттен өпчү карабастан чаңына.

Садагамды, кагыламды айтып көп,
Жалбарышчу: «чырагым» - деп,
«көзүм» - деп.
Көзү болуп, ийне учуктап берчүбүз,
Чырак болуп караңгыда жетелеп.

Качан болсо, тосуп алчу жаркырай,
Калса дагы каруу кетип калтырай.
Күрп тооктой коруп турчу баарынан,
Айры куйрук алып кетип калчудай.

Энем бир күн оорup калды бүрүшүп,
Жатты онтоп, төшөгүндө бүк түшүп.
Айланчыктап барып калсам жанына,
Алсыз колу баштан сылайт үшкүрүп.

Дүйнөң түшкүр кенендиги тарыптыр,
Ойноп келсем уясы бош калыптыр.
Бизди коруп өзү корккон ичинен,
Айры куйрук акыр түбү алыптыр.





Бакырайып бош ордуна тигилсем,
«Айылчылап кеткен - дешти чоң энең.
Билсем кийин бул дүйнөнүн жалганын,
Чоңдор калпын мен ошондо түшүнгөм.

Жаз келгенде айры куйрук көрөмүн,
Күрп тооктор ачкан кезде жөжөсүн.
Ал айланып асман жактан эскертет,
Оомал-төкмөл бул дүйнөнүн өтөөрүн.

Ошол тапта, чыбыктарды ат кылып,
Балдар келет, асман жакка тап кылып.
Айры-куйрук айлампасы бузулуп,
Айылыма толо түшөт каткырык.

## КЕКИЛИК

Ай кекилик, кекилик,
Өзүң кылдың чекилик.
Карагай, шакка бекинбей,
Ташка чыктың секирип.

Мерген карап турмакпы,
Мээлеп туруп бир атты...
Так кылган ташын кучактап,
Жайылды жансыз канаты.

Мерген сөрөй нааданды,
Не дейсиң андай адамды.
Мекиянды мерт кылып,
Жөжөсүн кармап алганды.

Жөжөлөр сароз кичине,
Камалды шапке ичине.





Кекилик башын жулду да,
Ыргытты машке итине.

Чөп башы желге ыргалды,
Томсоруп адыр, кыр калды.
Кан менен ташка жазылган,
Кекилик - деген ыр калды.

## ҮҢКҮРДӨГҮ ТОЙЛОР

Айылымда, төш тарапта, күнгөйдө,
Үңкүрлөр бар окшогон боз үйлөргө.
Ойлуу карап турган көздөй туюлат,
Ар бири́нде катылгандай сыр дүйнө.

Байыркыны эскергендей байырлап,
Баруучубуз үңкүрлөргө айылдап.
Топурашып той берчүбүз, ал жерде,
Күйөөчүлөп, келин алып, кайындап.

Оюн салып чубап өтсө козу, улак,
Үстүбүздөн шакыр-шукур таш кулайт.
Чоочуп кетип, чогуу күлсөк, кыз-балдар,
Тойлогон үй - үңкүр кошо каткырат.

Эзелкиден калган салтты билчү элек,
Эки тарап кудалашып келчү элек.
Күйөө тарап калың төлөп кыз жакка,
Жуушап жаткан козу улактан берчү элек.





Бөлүнүшүп элден узап чекелеп,
Кызды күйөө колдон алып жетелеп.
Бир бурчунан бир бурчуна үңкүрдүн,
Көчүп барып, жаңы түндүк көтөрөт.

Эки түгөй өз очокто жылынып,
Отурушчу уялышып, кысынып.
«Ортосунда оттой сүйүү жансын» - деп,
Арчалардан салынуучу ысырык.

Барсаң жакшы, кээде басып үңкүргө,
Отурганча үшкүрүнүп үйүңдө.
Тосуп чыгат, козу, улак, кыз-балдар,
Жолуктуруп, эң алгачкы сүйүүгө.

## ЖАР

Ким билет көчкөн кайсы убак,
Жар турат жарты ай сымак.
Кечээ эле жарты көрүнгөн,
Толукшуп толгон ай чыгат.

Жар түбүн жайкап суу агат,
Тал, кайың жээкте ыргалат.
Дүпүйгөн калың токойдон,
Түнкүсүн сүтак муңканат.

Жар боорунда бир булак,
Тыным албай ыр курап,
Суугa келген кыздардан,
Күлкү менен сыр угат.

Жээгинде камыш шуудурап,
Жеңелер окшоп шыбырап.
Бозойлор сөзүн кыздарга,
Жел ташып барып угузат.





Чымчыктар чычса сыялап,
Жар деле кыздай уялат.
Ак жамгыр жууп өткөндө,
Жаңыдан кайра сырдалат.

Жай өтүп күзгө кезигет,
Жүрөгү жардын эзилет.
Базары бүтүп куштардын,
Жалгыздык анан сезилет.

Жар турат жарты ай сымак,
Жаңырган жаңы ай чыгат.
Окшошуп экөө эгизге,
Бир-бирин карап жалдырайт.
Эки жарты, бир бүтүн,
Асманда, жерде ай турат.

## ЧЕР КАЙРЫКТАРЫ

Жай мезгил, июнь айында,
Барганбыз Мундуз айылга.
Ак чатыр тигип адырга,
Айланттык шаттык жайына.

Суйкайган сулуу келиндей,
Жер барбы деги Чериндей.
Чалгыны күнгө чагылтып,
Чөбүңдү чаптык эринбей.

Чөп тарткан сансыз унаалар,
Кутмандуу талаа көчүндөй.
Жайнаган үймөк чөмөлө,
Торсойот кыздар төшүндөй.

Адырга-адыр уланган,
Көркүнөн көзүң кубанган.
Кыпкызыл жоолук булгалап,
Кыз келет жашыл кырандан.





Айлуу түн кандай рахат,
Арыктан шылдыр суу агат.
Ободо обон созулуп,
Айылды көздөй ыр агат.

Соңку түн, кыйнайт кусалык,
Жүрөгүм согот күч алып.
Мынчалык сүтак муңкандың,
Жаткансып менден өч алып.

Бир айың өттү сезилбей,
Көп сырлар калды чечилбей.
Кош болгун кызыл өрүктөр,
Мен өпкөн кыздын бетиндей.

Кош болгун Мундуз жергеси,
Томсоруп жүрөк эзбечи.
Кийинки жылы жайында,
Кучагың жайып кел дечи!

## ЭСКЕРҮҮ

Бир кездеги жомоктордун дүйнөсү,
Артта калды чечилбестен түймөсү.
Элесинди көз алдыма келтирип
Олтурамын от боюнда түндөсү.

Таңдайымда бала кезде жеген кант,
Ар бир пенде махабаттын балын тат.
Сүйгөнүм чын түшкө кирип эң алгач,
Жомоктогу ай чырайлуу Перизат.

Кокусунан келип кеттиң конокко,
Кезиктирип бала кезде жомокко.
Ар бир жомок, бүтчү дайым бактылуу,
А сен болсо таштап кеттиң тозокко.





## ИТАГАР СУУСУ КИРГЕНДЕ

Итагар суусу шоктонду,
Нугунан чыгып октолду.
Көк кашка өңү кызарып,
Өзүнө өзү өрт койду.

Асмандан төксө нөшөрдү.
Кирген суу улам көшөрдү.
Далайдан бери көпчүлүк,
Көрбөгөн мындай өжөрдү.

Жемирди жээкти, даракты,
Жулунуп кайың, тал акты,
Токойу менен коштошуп,
Кол булгап агып баратты.

Ажыдаар сымак сойлоду,
Жаңырып аска ойгонду.
Казандай ташты оодарып,
Топ-таштай кылып ойноду.

Күркүрөп сүрдүү агылды,
Арстандай болуп чамынды.
Коңторуп алып кетерде,
Көпүрө суга жалынды.

Ташкындан көбү жаза алды,
Агызды адал, арамды.
Калбастан акыр-чикирлер,
Айлымдын ичи тазарды.

Сүрүлүп булут күн чыкты,
Баарына каалап тынчтыкты.
Жар салып жаздын келгенин,
Токойдон мукам үн чыкты.





## АЙ ТЕГЕРЕК САБЫ ЖОК

*(Арстанбек)*

Ай тегерек сабы жок,
Анча жылдыз табы жок.
Күн тегерек сабы жок,
Күнчө жылдыз табы жок, -
Деп ырдады оо заман,
Акындын алпы Арстанбек.

Жаңы кылым баштадык,
Сабы жок айга каттадык.
Күзгүгө күндү батырып,
Күзгүнүн өзүн саптадык.
От менен ойноп, ок атып,
Жерди өрттөп ийе таштадык.
Токойду кыйып жок кылып,
Жылдыздан отун алмакка,
Ааламды көздөй аттандык, -
Деп ырдады бу заман,
Аксылык акын Акматбек.

Экөөгө бирөө жеткен жок,
Өгөөдөн бүлөө өткөн жок.
Өткөн ишке бушман жок,
Өлгөндөн кийин душман жок,
Деп ырдады оо заман,
Акындын алпы Арстанбек.

Экөөдөн мурун бирөө жейт,
Көпчүлүк калып экөө жейт.
Алтын, күмүш аралаш,
Өгөөнү кошуп бүлөө жейт.
Өткөн ишке бушман көп,
Маркумдун көрүн казышып
Өлгөндөн кийин душман көп,
Деп ырдады бу заман
Аксылык акын Акматбек.





## АРЧАЛАР

Кыш мезгилдин кычыраган учуру...
Жадыраган жазга чейин анча бар.
Жашыл аалам уюткусу сыяктуу,
Жан боордо, жанат жашыл арчалар.

Жайы кышы жашылданган көйнөгү,
Эскерткенсийт эртең жаздын келишин.
Күнгөй беттен күтүп алат ар жылы,
Күлмүңдөгөн жаздын шаңдуу жеңишин.

Жаз да келди тоонун койнун жылытып,
Жашыл аалам арчалардан себилди.
Күндүн өзү карап турат тоолорго,
Көргөн өңдүү көшөгөдөн келинди.

Тармал чачын таранышып арчалар,
Мөлтүрөгөн жаз жамгырга жуунуп.

Кыналышат бир-бирине бой салып,
Кышы бою калган алар буулугуп.

Жаштык кездин символундай арчалар.
Жанат дайым жагалданган көрк менен.
Улуу жаздын уландысы сыяктуу,
Төрт мезгилде жашыл өңү өчпөгөн.





## ТООЛОРДО УЛУУ БИРИМДИК

Өр тартып барып өрөөнү,
Бөксө бир тоого айланат.
Төр жагы аска зоо болуп,
Чокуда агып ай жанат.

Томого кийген бүркүттөй,
Томсоруп тоолор үн катпайт.
Бийикпи, паспы баары бир,
Тоолорго тоолор сынтакпайт.

Кыйыры чексиз кырка тоо,
Карааны кетет узактап.
Тоолордо улуу биримдик.
Бир-бирин турат кучактап.

**ТҮШ**

Түштөр, түштөр,
Түгөнбөгөн тасмалар.
Тааныш өңдөр,
Таанылбаган башкалар.
Таттуу уйку,
Түркүн түстүү тасмалар:
Бала кезим,
Жүрүптүрмүн жайлоодо.
Очокто от,
Казанда сүт кайноодо.
Казыктарда,
Торпок, улак байлоодо.
Саан уйларды,
Балдар төшкө айдоодо.
Түндө бир уй,
Тууган экен музоону.
Там-туң басып,
Араң турат бутунда.
Сүйүнчүлөп
Шакылдаган сагызган,
Карагайдын
Көк тиктеген учунда.





Отурупмун,
От боюнда жылынып.
Карап коюп,
Торпогума кызыгып.
Бир оокумда,
Бардым булак боюна,
Суу алганы,
Челегим бар колумда.
Ноо чоргодон
Булак агат шылдырап.
Сүйлөшчүдөй,
Үнү чыгат чулдурап.
Жээгиндеги,
Камыш желге ыргалып.
Бир нерсени,
Ал да мага шыбырайт.
Ошол маалда,
Уйкум, түшүм бузулду.
Түркүн түстүү,
Тасмалары үзүлдү.
Чыйрак короз -
Будильнигим чырылдап,
«Тургунуң» - деп,
Чырын салды ызылдап.

Чала ойгонуп
Түшүмдү эстеп олтурдум.
Желке кашып,
Башталгандай котурум.
Эңсеп турдум,
Жайлоодогу булакты,
Бала кезде
Ойноп барып суу алган, -
Ичет элем.
Түшүм бир аз узарсаң.
Сыртка чыгып,
Тоо тарапты карадым,
Өтө алыстан,
Өксүттүрдү карааның.
Түш болсо да.
Булагыңдан ууртабай,
Бугум толуп,
Чыкпай калдым кумардан.
Басып барып,
Элестетип суу ичтим
Короомдогу
Темир булак - крандан.





## АТА САЛТЫ

Ар заманда келип кетчү муун бар,
Кырк чачтуу кыз, ар-намыстуу уул бар.
Бабалардан башталган жол уланса,
«Бир жакадан баш чыгарган» тууң бар.

Замананын каары, заары бар беле,
Өйкөп турат, өзгө өтүгү тар беле.
Өкүндүрөт өксүп турса өз салтың,
Жаңы заман биз такалган жар беле?

Арбып барат замананын былыгы,
Адамдардын жаман адат кылыгы.
Башка жактан «бардак мода» каптады.
Тебеленип баба салты чыныгы.

Кыргызымдын салт-санаасы кечээги,
Бу кылымда оңуп-тозуп кетеби?
Кыз, келиндер кымтыланбай калышты,
Жаман жерден жыртылдыбы этеги?..

Эстүү, баштуу, ачык айтып дебесек,
Эртеңки күн, эмне болот келечек?
Чачы кыркма, көйнөк, шымга алмашып,
Музейлерде жоолук менен элечек.

Ак сакалдын жолун кесип өтүшөт,
Көк сакалды көпөлөктөй көрүшөт.
Көкүрөгү көмүр жанган оту жок,
Көк беттери көчөлөрдө өбүшөт.

Оокатың да, дарың дагы - кымызың,
Ичкен сайын жанат беттен жылдызың.
Майрамың саз, айраның аз, арак көп,
Алкаш байың көбөйүүдө кыргызым.

Жылаңач салт кирип келди корунбай,
Жайылууда жөргөмүштүн торундай.
Улуу жолдон, ыйык салттан адашсак,
Жаман адат айыкпаган оорудай.





## ТҮНКҮ ЖОЛООЧУ

Жолоочу жолдо баратты,
Багыттап батыш тарапты.
Өткөнсүйт сылап тоолорду,
Кызарган күндүн канаты.

Толукшуп ак ай асманда,
Шериктеш болуп атчанга.
Илинип калган өңдөнdү,
Чокусу бийик асканда.

Жылдыздар толуп асманга,
Жымыңдайт бара жатканга.
Жылт койуп учуп жоголот,
Окшошуп ойноп качканга.

Жол салат жолду баштаган,
Ой келет мээни аштаган.
Жылдызды жылдыз туубаса,
Түгөнүп калмак капкачан.

Тер алган аты жайлаган,
Суулугун бошоң чайнаган.
Жолоочу кетсе үргүлөп,
Жылдыздар өчөт жайнаган.

Чаңкады, келди уйкусу,
Унутуп айды, жылдызды.
Куш уйку салса түшүндө,
Селкиси сунду кымызды.

Өтпөдү бирок анча убак,
Чалынып кетти ай туяк.
Ачканда көзүн чокуда,
Жаркырап толгон ай турат.

Жолоочу жолун улады,
Эстеди түшүн, кубанды.
Ай жакты беттеп тикчийет,
Астында жорго кулагы.





## ТАМЧЫЛАР

Өжөрлүк, биримдик бар тамчыларда,
Ташты тешет тынбастан тамчыласа.
Бийиктен бойун таштап биригишет,
Туш тарапка чачырап жанчылса да.

Чабыштарда үйрүлгөн камчылардан,
Кара баштан кан агып тамчылаган.
Чоктой кандар чачырап өрткө айланып,
Согуштар да башталат тамчы кандан.

Өмүрлөрдүн башаты тамчы канда,
Өмүрлөрдүн аягы да тамчыларда.
Келме айтылып артынан суу тамызат
Пендечилик келгенде, жан чыгарда.

## ЖАЗ

Жаз келди жашыл көйнөкчөн,
Кызгалдак жоолук салынып.
Күнгөйдө жайнайт байчечек,
Шуудуруум мончок тагынып.

Күлкүсү күмүш булагы,
Жылгадан шылдыр агылат.
Күзгүдөй тунук бетинен,
Күн нуру ойноп чагылат.

Ала-Тоо чечип ак тонун,
Ак калпак кийди башына,
Көйкөлүп адыр, талаалар,
Жан кире түштү ташына.





## АЛЫКУЛ

Алыкул уктап жатканда,
Ар дайым түштү көп көрчү.
Күндүзү стол кучактап,
Түйшүгүн ырдын өткөрчү.

Бир күнү кирди түшүнө,
Жаналгыч жанын алганы.
Баш ийди тагдыр багына,
Кыла алмак кандай арганы.

Издеди, таппай капырай,
Акындын жанын далбастап.
Жадады окшойт акыры,
Куру кол кетти албастан.

Жанагы келген жаналгыч,
Жардамчы экен чоңуна.
Арызын айтып кеңешти,
Ажалдын аким - зоруна.

Түшүндүрдү башчысы:
«- Акындын жаны ырында
Бир алсаң аны аласың
Ыр жазбай калган учурда»...

Ойгонсо акын таң атып,
Калыптыр дени жанчылып.
Кудайга тобо келтирди,
Кетпептир, шүгүр жан чыгып.

Тооруган ажал алп акын,
Акырын басты ыргалып.
- «Жер тарткан жаным кечээки,
Калыптыр, бир аз - чыйралып».

Ак кагаз турган таптаза,
Калем сап жаткан жалдырап.
Акырын ырын баштады,
Турса да ооруп шалдырап.





## МАЖҮРҮМ ТАЛ СЕН БЕЛЕҢ?

Бүчүрү мончок тизилген,
Жашылдан көйнөк кийинген.
Миң тал чачын таранып,
Жерди чийип ийилген.
Мажүрүм тал сен белең?

Сымбаттуу бою керилген,
Сыдырым желге эңилген.
Көзүнө кыздын, жигиттин,
Көшөгө сымал сезилген.
Мажүрүм тал сен белең?

Жамалы жанып өңүнөн,
Жаралгандай сүйүүдөн.
Жамгырга кошо төгүлүп,
Жазды тосуп жүгүнгөн
Мажүрүм тал сен белең?

Саамайы тал-тал өрүлгөн,
Салаалап жерге төгүлгөн.
Сумсайган сулуу бойунан,
Сагыныч санаа көрүнгөн.
Мажүрүм тал сен белең?





# АТАМДЫ ЭСКЕРҮҮ

Арман ойлор Айга жете чубалдың,
Жүгү баскан нардай чөгүп турамын.
Көөдөнүмдө көкөй кести чертилип,
Көз кылгырып, тунуп барат кулагым.

Кантсе дагы кайткан үйгө фронттон,
Кан майдандан ажал оту ойногон.
Ал согушта кан төкпөсө алсырап,
Жүрмөк балким - деп өзүмчө ойлоном.

Кан майданда жүргөн күнүн эскерчү,
Көкүрөгүн кээде ачып көрсөтчү.
Көзөп өтүп көкүрөккө тийген ок,
Көрүнүптүр жаратынан өпкөсү.

Ок тийгенде эстен танып жыгылган,
Ошол күнү далай өмүр кыйылган.
Госпиталда өлүп кайра тирилип,
Жаратынан араң каны тыйылган.

Согуш бүтүп, эл жерине кайтышты,
Эски жарат бирок тынбай ачышты.
Кайгы, капа дале бүтпөй уланып,
Далай жоокер үйдө онтоп жатышты.

Ошолордун бири болчу атабыз,
Ооруп калса, кабак түйчү апабыз.
Ойунубуз, куурчагыбыз кошо ооруп,
Чурулдабай чуркабастан басабыз.

Онтоп ооруп көпкө жатчу төшөктө,
Өңдөн кетчү өпкө кагып жөтөлсө.
Кабыргасын калкалачу кол менен,
Кайра дагы ок тийгендей төшүнө.

Ooру күчөп жылдар өттү арадан,
Сакайбады эч бир айла, амалдан.
Айыкпаска айланыптыр оорусу,
Согуштагы алган ошол жараттан.

Каректери толуп күйүт жашына,
Абам турду келме айтып кашында.





Эч болбосо жетпедиң - деп бооруна,
Эл айткандай пайгамбардын жашына.

Сезди окшойт акырында өтөрүн,
Жаздыгынан башын жөлөп көтөрдүм.
Керээз сөзүн айткан улам токтолуп,
Эрмек кылып кыстап келген жөтөлүн.

«Кейибестен көз жашыңды тыйып тур,
Кетеримде керээз сөздү угуп тур.
Беш уулум тең беш Боробай эмеспи,
Ээрчишип, эңшерилбей бийик жүр».

Дүнүйөгө түркүк болгон эч ким жок,
Аз жашаса арман дайым, а бирок.
Кырк жетиде, кыйбас өмүр жашта эле,
Кыйды акыры, ойрон болгур ошол ок.

Арман ойлор Айга жете чубалдың,
Жүгү баскан нардай чөгүп турамын.
Көөдөнүмдө көкөй кести чертилип,
Көз кылгырып, тунуп барат кулагым.

## ЖАЙНАГАН ГҮЛДӨР АПКЕЛДИ

Жер бетинде кумурска,
Жемин издеп кибирейт.
Киринип жазгы жамгырга,
Жалбырак желге дирилдейт.

Канатын сабап ободо,
Куш асманда зуулдайт.
Саламын алып шамалдын,
Ийилип терек шуулдайт.

Жайдакталган жер бети,
Жамынды жашыл килемин.
Жайнаган гүлдөр апкелди,
Жароокер жаздын илебин.





## САРЫ АЛТЫНДАЙ САГЫНЫЧ

Өкүндүргөн өткөн чакты,
Эстеп жатам кайрадан.
Издегендей мен изимди,
Кечип өткөн дайрадан.

Үмүттөрүм үркөр болуп,
Үйрүлгөнсүң асманга.
Кош жылдызга көз кадагам,
Түндө уйкум качканда.

Санааларым - сапарлашым,
Бой тумардай тагылган.
Күтүүлөргө күндөр күбө,
Күлүк аттай чабылган.

Сары алтындай сагынычым,
Сап-сап болуп санаада.

Күмүш сымал күлкүң сенин,
Гүл жайнаган талаада.

Жаз гүлүндөй жамалыңды,
Сактап келет карегим.
Сары алтындай сагынычым.
Сенден калган белегим.





## САРЫ КАР

Жаз келген кезде жадырап,
Кыш кылчайып каарданды.
Кабагын бүркөп көк асман,
Капысынан кар жаады.

Көгөрүп чыккан көк шибер,
Көмүлдү кардын астына.
Ооматы кеткен кыш чырдап,
Отурду кайра тагына.

Жашылы жанган арчалар,
Ак кардан жоолук байланды.
Мажүрүм талдын саамайы,
Апаппак чачка айланды.

Өзгөчө болду өкүнүч,
Өрүктүн аппак гүлүнө.
Жер жайнап эми төгүлбөйт,
Жемиши анын күзүндө.

Көшөрүп келдиң кайра кыш,
Көктөмдө өчүң барчылап.
Жамалын жаздын өчүрүп,
Жазалап кеттиң камчылап.

Күн менен жердин деминен,
Эридиң кайра сары кар.
Сакайтар жаздын жаратын,
Жайнаган гүлдө дары бар.





**АЙ ТОЛГОНДО**

Асманда алтын табактай,
Акырын жылып барат ай.
Жымыңдайт сансыз жылдыздар,
Чачылган шуру-акактай.

Көкүрөк кээде зырп этет,
Күлүктөй ойлор кылт этет.
Чийинден чыккан чүкөдөй
Жылдыздар учуп жылт этет.

Ирмелбей секунд, мүнөткө,
Ай, жылдыз түнкү күзөттө.
Түрсүлдөп согуп тынымсыз.
Түйшүктүн баары жүрөктө.

## АРЧА ЖЫТТУУ АЙЫЛЫМ

Айылдан өсүп жатабыз,
Айылсыз мекен атасыз.
Итагар - сендей жеримди,
Жердеген жети атабыз.

Элеттен өсүп келебиз,
Элетсиз мекен энесиз.
Алакандай туулган жер,
Кымбатсың мага ченемсиз.

Күнгөйүндө күн турат,
Кышы жылуу күн чубак.
Күрпүлдөп аккан суусунан,
Күкүктөп күмүш үн чыгат.

Желаргы ийсе кайыңын,
Токойу толкуйт сайыңын,
Тоо койнунда торолгон,
Тоту куш сымал айылым.





Жайлоосу жашыл кымкаптай,
Жаш баладай, куурчактай.
Адыры, кыры, ойлору,
Жайылган килем, шырдактай.

Өзөгүм, өскөн тамырым,
Очогум, өчпөс жалыным.
Аласталган бешиктей,
Арча жыттуу айылым.

## АЛАКАНДАР

Азанчынын аруу үнү:
Аллоо Акбар, Аллоо Акбар.
Кең жайылып көтөрүлөт,
Аалам жакка алакандар.

Адамдардын алакандар,
Бет маңдайдын тушунда.
Көктөн ылдый нур төгүлөт
Ыйык намаз учурда.

Алакандар адамдагы,
Күзгүсү - ал пенденин.
Көз алдында турат мына,
Не жасады чеңгелиң.

Алакандар аткарышат,
Иштин жакшы, жаманын.
Эсиңе кел, эсебин бер,
Манжаң менен санагын.





Түйүлгөндө муштум болот,
Чеңгелдесе кан чыгат.
Алакандар жайылганда,
Аруу тилек айтылат.

Азанчынын аруу үнү,
Аллоо Акбар, Аллоо Акбар.
Кең жайылып көтөрүлөт,
Аалам жакка алакандар.

**Ай тегерек сабы жок,**
**Анча жылдыз табы жок.**
***(Арстанбек)***

Асманга жылдыз толгондо,
Ашууда атчан бараттым.
Чокуда турган илинип,
Жаңырган айга жанаштым.

Жаңырган айды саптасам,
Айланды алтын орокко.
Ойумда кайра жолуктум,
Бала кез уккан жомокко:

Ай орокту кармасам,
Жаркырап турду колумда.
Сапарлап чыктым ааламга,
Саманчынын жолунда.

Желдирип өттүм жоргомду,
Жетиген жылдыз жанынан.
«Жети сулуу өңдөндү»,
Жеталбай жерди сагынган.





Жолунан тосту жоргомдун,
Үркөр, үркөр топ жылдыз.
Мажүрүм талдай үлбүрөк,
Кабак кашы бүркөө кыз.

Аралап жылдыз мекенин,
Асманды канча айландым.
Алтын казык жылдызга,
Чаалыккан атты байладым.

Таң атарда кезиктим,
Айтылуу чолпон жылдызга.
Аны аябай окшоттум
Айылымдагы бир кызга.

Жайкы кыска түн өтүп,
Ойгондум ойдун торунан.
Жомогум бүтүп жолдогу,
Орогум учту колуман.

Аман-эсен түштүм ов,
Асманга жакын ашуудан.
Жаңырган айдай из калды,
Такаланган атымдан.

## КЕСИПТЕШТЕР

Эмне кымбат? Билет аны баарысы...
Колубузда адамдын зор байлыгы.
Кесиптештер келесиңер бөлүшүп,
Оорудагы жан кейиткен кайгыны.

Келет оору өпкө кагып жөтөлүп,
Келет оору бир тирилип, бир өлүп.
Көз жаш төгөт эси чыкан ата-эне,
Соолуп калган наристесин көтөрүп.

Түшөт оору жанын тиштеп оозуна,
Кырсык чалып нак ажалдын торунда.
Түшөт оору эстен танган капкачан,
Кансыраган, бычак жеген бооруна.

Өмүр чиркин «чыр» дей түшөт мүнөттө,
Ошон үчүн силер дайым күзөттө.
Периштедей медсестра жүгүрөт,
Кан тамырдан дары берип жүрөккө.





Оорукана, үстүбүздө ак халат,
Жок, ал жерде жан жыргаткан рахат.
Кыйын кесип, биз өзүбүз билебиз,
Баалай билсе, башкаларга рахмат.

Биз да ооруйбуз, сыр бербейбиз, пендебиз,
Кудай дейбиз, а бирок жок, селдебиз.
Бербес элек эч бир жанга санаа-дарт,
Кантмек элек, көктө эмеспиз, жердебиз.

## АКЫНДАР

*(Таятам Молдо Багыш Сарыбай уулуна)*

Генийлердин бул дүйнөгө келиши,
Оомат жана ошол доордун жемиши.
Бирок аны күтүп турат алдынан,
Бул турмуштун тозок менен бейиши.

Чындык үчүн чыркыраса обону,
Бейишинен арбын келет тозогу.
Ойго түшсө сыздайт жүрөк ар убак,
Ойрон дүйнө улуу Пушкин не болду?

Андан ары улантайын соболду,
Кайран гана Лермонтовуң не болду?
Эстен танып кармап калса талмасы,
Тирүү бойдон көмгөн дешет Гоголду.

Ырайымсыз хандар менен королду,
Жек көргөндүн өзү торго оролду.
Өлүм жаза алмашылып Шиберге,
Алп жазуучу  Достоевский кордолду.





Назым Хикмет кишенделип байланды,
Акырында мекенинен айдалды,
Ата Мекен топурагы буйрубай,
Бөтөн жерде түбөлүккө жайланды.

Болуш, бийлер Шиберге айдап Токомду,
Комуз черткен колу кыйды токойду.
Тозок күндү өткөрбөсө ал жактан,
Балким акын жашар беле токсонду.

Эркиндикти сүйгөн элдин канаты,
Кимдер билбейт улуу акын Тарасты.
Баатыр акын батпай өз эл-жерине,
Кабыл алган аны казак талаасы.

Каар замандар, жаагы катуу карышты,
Канча акынды курмандыкка чалышты.
Кайра-кайра камап, айдап Шиберге,
Кайткыс кылды акын Молдо Багышты.

Айта берсе арман тизме түгөнбөйт,
Мезгил өзү таразалайт, түгөлдөйт.
Жазда жашоо жаңыргандай кайрадан,
Ырга айланган акын өлбөйт, ыр өлбөйт.

## ЖОЛ

Жолдор, жолдор, жердин бети жалаң жол,
Кенен-кесир же тарыган жаман жол.
Адам, айбан ары-бери каттаган,
Алыс, жакын, чар тарапка барар жол.

Жердин бети кыйма-чийме жолдордон,
Күздө бышкан коон бетиндей тордолгон.
Жол азабы - көр азабы дегендей,
Жан тер чыгат жолоочудан, жоргодон.

Ар нерсенин өз мезгили, доору бар,
Бул дүйнөндүн оңу да бар, солу бар.
Эч болбосо көз ирмемге калтырган,
Акыркы ирет учкан жылдыз жолу бар.

Жол - турмуштун кагылган кан тамыры,
Жол - жашоонун жарышкан жан тамыры.
Жолдон чыкса тайгаланып тагынан,
Эл жеринен ажырайт хан тамыры.





Жомок, чында жол башталат тоолордон,
Жортуп келип жолдор бүтөт тоолордон.
Андан ары асман жакка жол кетет,
Ак чокудан, көк тиреген зоолордон.

Өтө татаал же жөнөкөй нечен жол,
Өтө кымбат же болбосо бекер жол.
Өмүр жолу өтмүш жолго уланып,
Акырында аалам жакка кетер жол.

Жолдор сансыз, жолдор чексиз түгөнбөс,
Адамдарга ал тагдырлаш түгөйлөш.
Чийген жолдон чыкпай келсе жер эне,
Жолдор бүтпөйт, жол уланат, түк өлбөс.

Жолдор, жолдор жердин бети жалаң жол,
Кенен-кесир же тарыган жаман жол.
«Жолуң шыдыр, досуң кыдыр
болсун» - деп,
Кыргыз айтат: «Оо, Адамзат, аман бол».

## СУУ, ЖОЛ ЖАНА МЕН

Жөө-жаландап же ат минип токулган,
Кээде алыстайм үйдүн очок отунан.
Жолоочулап сапар тартсам ар дайым,
Жолго, сууга жолдош болуп кошулам.

Жортуп чыгып тоо койнунан алыстан,
Жол менен суу белимчидей жарышкан.
Аргамжыда эриш-аркак сыяктуу,
Эски достор эзелкиден табышкан.

Жомогу көп жол томсоруп сыр катат,
Шоокумданып күүсүн чертип суу агат.
Мен аларга кулак салсам, - дегенсийт –
Неге деги тынчыбайсың адамзат?

Суроосуна мен да жооп беремин,
- Жогор жактан жолоочулап келемин.
Бабалардын баскан жолун байыркы,
Билгим келет тээ башатын, тереңин.





Жону даңгыр жол үстүндө барамын,
Жолуккандан салам-алик аламын.
Жол менен суу алмак-салмак сурашат,
- Бу дүйнөдөн эмне издеп табарың?

- Мен адаммын жер энеге баламын,
Жолун улап келе жатам бабамдын.
- Силер эмес менде дагы суроо көп,
Жер бетине эмне үчүн жаралдым?

Желбиретип жал куйругун-желегин,
Жорго кызыйт ээр үстүндө келемин.
- Алмустактан кызматынды кылабыз,
А биз үчүн кантип тийет керегиң?

- Мен баспасам жол, жонунду чөп басат,
Мен ачпасам булак көзүн чым басат.
Мен жүрбөсөм, эл жүрбөсө аралап,
Тоо койнунан, жер бетинен кут качат.

Жол менен суу суроо катпай калышты,
Куштай сызып жорго салды арышты.
Жолдош болуп суу менен жол жана мен,
Бара жаттык басандатпай жарышты.

## ЭКИ САНДЫК

Бар эле үйүбүздө эки сандык,
Бири жаңы, а бирөө эски сандык.
Билчүбүз, жаңысы ал апамдыкы,
Эскиси, энебизге эле таандык.

Эсимден такыр кетпейт эски сандык,
Неберелер жүрчүбүз аны андып.
Өрүк, мейиз жана да момпосуйду,
Энем берчү акырын андан алып.

Секелек кыз кезинде сепке делген,
Келин болуп келгенде кошо келген.
Энем менен жашы тең сексен ашкан,
Сандык эле сакадай пейли кенен.

Бала кез түшүнүк жок бул дүйнөгө,
Сандык бизге тең эле бүт дүйнөгө.
Конок келсе, тополоң той башталса,
Сандыктар татыр эле миң дүйнөгө.





Эки сандык кажыды, арыбады,
Ичиндеги дүйнөсү тарыбады.
Жылдар өтүп, байкалып бара жатты,
Энем менен апамдын карыганы.

Өмүрү чоң энемдин бир тарыхтык,
О дүйнө салды кийин, о жарыктык.
Ошол күнү сандыктын бирөө бошоп,
Эсил кайран энем - деп тоо жаңырттык.

Өкүрүктөр тыйылды үндөр бүтүп,
Өкүнүчтүн өртүнөн көздөр шишип.
Татыбай турду оозго момпосуйлар,
Канча түрүн жесек да соруп, шимип.

Алтымыштын агарган өрөөнүндө,
Балдарынын үзүрүн көрөөрүндө.
Көчүп кетти апам да көк асманга,
Таңдын нуру тоо ылдый жөнөөрүндө.

Бар эле үйүбүздө эки сандык,
Бири жаңы, а бирөө эски сандык.
Эми алардын бири жок, энелер жок,
Эсил кайрандарым - дейм, эске салып.

## БУЛБУЛ

Жаз келет, жаз жарчысы булбул келет,
Жаагын жанып боз чымчык безеленет.
Бири сайрап бүткөндө, сайрагын - деп
Кумарлуу курбусуна кезек берет.

Ар күнү сайрайсыңар бакка конуп,
Бапестеп бакпасам да бакма болуп.
Тар короом кеңейгенсийт мукам үндөн,
Мен өзүм калгансыймын такка отуруп.

Канча жыл көрүп келсем жазган күндү,
Булбул сенден угамын түркүн күүнү.
Сакадай сары алтыным сайрай бергин,
Тыңшаймын жадабастан күнү-түнү.

Жаралгандан сеники жапан турмуш,
Алмустактан меники адам турмуш.
Жашоо бар сенде, менде өз алынча,
Кенен кесир болбосо жаман турмуш.





Булбул сенин санатың тамагыңда,
А меники калемсап, кагазымда.
Сен жүрөсүң учуп-конуп эркин сайрап,
Мен кайнаймын турмуштун казанында.

Конуп алып дарактын бутагына,
Обонуңду арнайсың ынагыңа.
Түнкүсүн түйшүктөнүп ыр жаратсам,
Алып жөнөйм адамдар сынагына.

Жаагың жанып сайрайсың такалбастан,
Жаз жөнүндө жаратып казал, дастан.
Керемет турат мына айланамда,
Келем бирок, окшотуп жазалбастан.

Сайраганың сайраган ар бир жазда,
Обон салсаң, кайрыгың башка, башка.
Жаз бүтсө тил, тамагың кошо бүтөт,
Оозуңдагы ооз комуз тийип ташка.

Актаңдай акындарды булбул - дешет,
Акындардын, акыны келип кетет.
Сен булбул, булбул бойдон кала берген,
Жаздын жары окшойсуң бир керемет.

## КАРЫ ЧАЛ ЖАНА КАРА ЖЕР (КАЙЫП ЧАЛ)

Кары келет,
Бир кылымдык жашы бар,
Көп жашаган,
Көптү көргөн башы бар,
Аса муса таягы,
Тык, тык этип жер чертет,
Күндөр өтөт,
Таң атат да, кеч кирет.
Шашып жүргөн жаш кезинде,
Эми эч жакка шашылбайт,
Тулпар жүрөк туйлап бүткөн.
Аны эч ким азгырбайт,
Күндү карайт батар кезде,
Күүгүм чалган көз менен
Мандай терин аарчып койот,
Көк-ала чыт бөз менен,
Колундагы таягы,
Чалдын жалгыз шериги
Куудай сакал, муруту,
Эртели кеч эрмеги
Сүйлөп бүткөн сөздүн баарын,





Эриндери кымтылган,
Көңүл калып көп нерседен,
Көкүрөгү кулптанган,
Жүрөгүндө жүрөт бир сөз,
Эч бир жанга айтпаган.
А балким ал,
Керээз сөзү сакталган.
Аса муса таягы,
Тык, тык этет,
Аягансып акырын жерди чертет.
Алда качан керең болгон кулагы,
Укпайт такыр,
Таягынын тык эткен үнүн дагы,
Бирок сезет көкүрөгү,
Тык, тык эткен тыкылдакты,
Жүрөгүндө алсыз соккон.
Таяк жүрсө оң колунда,
Жүрөк согот сол колтукта,
Эми алар эң акыркы,
Чындап чыккан жарышка,
Кимисинен ким озот?
Эч ким билбейт
Эң биринчи ким токтойт?
Эч ким билбейт…

Кары келет,
Бир кылымдык жашы бар.
Көп жашаган,
Көптү көргөн башы бар.
Басыгы эл көчөрдөй,
Үн чыгарбай кадам таштайт.
Акыркы көчкө жүгүн
Артып алган.
Жолунан жолукканга салам айтат,
Саламдашса алик алат.
Көп адам кыйгач өтөт,
Көрмөксөнгө салып өтөт.
Тааныйбы таанубайбы,
Көккө тиктейт.
Атын сурап кимсиң? - дебейт
«Бирөөлөргө окшотту» - деп,
Жолуккандар башын ийкейт.
Тык, тык, тык, тык...
Аса муса таяк үнү,
Жердин бетин аяп чертет,
Кары чалды таягы таяп келет.
Кара жер,
Таяк үнүн уккан да жок,
Укпайт дагы,





Жердин өзү өтө кары,
Кум куйулуп бүтүп калган
Эки эмес миң кулагы
Каалгасын сансыз кылым,
Пендеси кагып келет.
Жер бетин чукуп, ойуп,
Тытынып казып келет,
Такаланган ат ойнотуп,
Таскактатып чаап келет.
Түгөнбөгөн согушу бүтпөй такыр,
Аткылап, бомбасын жарып келет.
Пендесин жер жакшы билет:
Күлүшөт, каткырышат,
Ыйлашат, чырдашат,
Жоолашса жырткычтай ырылдашат,
Тополоңтой беришип,
Бийлешет, ыр ырдашат.
Акылдуусу сөз айтса делдейишет,
Чындыкпы же жалганбы? - деп,
Акмагы - «Айды алып берем» - десе,
Аңкоолонуп ага да ишенишет.
Тынчтыкты кээде сүйбөй,
Тымпыйып калдың - дешет.
Пендесин жер жакшы билет,

Энелер билгендей өз баласын.
Жер бети тынымсыз,
Тытылганы, тытылган,
Тарсылдак, түрсүлдөккө,
Жер кулагы канып бүткөн,
Миң кулагын жапырып,
Укмаксанга салат жер,
Ошон үчүн кайдагы бир,
Жер битиндей жеке чалды,
Укпады да, сезбеди...
Күндөрдүн бир, күндөрүндө,
Айлардын бир, айларында,
Жылдардын бир, жылдарында,
Бир кылымдын башында,
Кара жер угуп калды,
Көрүп калды бир карыны,
Кибиреген кары чалды,
Жер бетин айап каккан,
Жер бетинде аяр баскан.
Көпөлөктөй салмагы бар,
Аппак куудай сакалы бар,
Кибиреген чалды көрдү,
Көптөн бери көрбөгөн жер,
Мынчалык сылык, аруу адамын,
Аяп таштаган кадамын,





Акырын тыкылдаткан таягын.
Кара жер көзүн ачты,
Сөзүн айтты:
«- Келипсиң кир, кире бер,
Керээзиңди айт,
Менин дагы кебимди ук,
Көптөн бери сүйлөшпөдүм,
Сөз укпаган пендем менен,
Кир, кире бер...»
Убакыт учкан куштай зыпылдады,
Ошол бойдон токтоду,
Таяктын тыкылдагы...
Чоң айылдын ичинде,
Бир үйдө,
Бузулду тынчтык - дешти,
Суук кабар тарады,
Жогору, төмөн жакка,
Туш тарапка.
Тынчы кеткен үйдө,
Уй мүйүз тартып отурушту,
Кары, жашы катарда,
Күйүккөн күн уясына батарда,
А дешти, бу дешти,
Айтылып бүттү бардык сөз,
Калган болчу жалгыз сөз,

Айылдын аксакалында,
Жүздөн ашкан жашы бар,
Көптү көргөн башы бар,
Айтты сөзүн:
«Кайып болуп кетиптир» - деп
Үй ичи дымып калды,
Учпастан чымын дагы.
Аксакал дагы айтты:
- Баба салтын кылгыла,
Үй көтөрүп.
- Кырк күн аза күткүлө,
Андан соң аян берет.
«Кайып болгон кайрылбайт,
Арбагы журттан айрылбайт».
-Оомийин!
Аксакал алакан жайды...
Оомийин, омийин, оо... оо...
Артынан баары жайды,
О-го окшоп ооздор ачылды,
О-го окшоп күн батып баратты,
О-го окшош кыргыз үй тигилди,
Оо! - кайран атам - дейт баласы,
О оо-лор обого тарады,
О-тамга от жакты денеге,
Онтоду - О-го окшош жер эне.





## ТЕҢИР ЗАМАН, ТЕҢСИЗ ЗАМАН

Адамдар ачты ынсабын абдан кенен,
Теңир заман өткөнбү? - теңбиз деген.
Жигиттер эне сүтүн акташ үчүн,
Ант ичип элим деген, жерим деген.

Теңсиз заман келдиби? - теңсинбеген,
Өзүмчүлдүк өгөйлөп - сен ким? - деген.
Ээрчимелер көбөйдү - эне тилсиз,
Эсептелүү калдыбы? - элим - деген.

Теңсиз заман келдиби? - теңсинбеген,
Анан да ээр-токумсуз жайдак белем?..
Эргулдарың көбөйдү, алдым-жуттум,
Эң башкысы жашоодо байлык деген.

Теңсиз заман келдиби? - теңсинбеген,
Мээрими жок мелтиреп - менмин - деген.

Жети кабат жериндин бетин сыйрып,
- Жеп ичкенге жетишсе жендим - деген.

Теңсиз заман келдиби? - теңсинбеген,
Ата салтын нааданы тебелеген.
Онтогон үн чыккансыйт күңгүрөнүп,
Оо! орошон замандын тереңинен:
«- Оңбойт такыр өзүмчүл - менмин - деген.
Оодарылат заманаң - теңсинбеген!»





## АЛА-ТООДОН АККАН СУУ

Тоодон суулар агылат да, ашыгат,
Тээ алыскы өрөөндөргө чөлдөргө.
Акырында жүгөндөлүп байланып,
Айланышат айдың чалкар көлдөргө.

Мекенинен ажыраган тоо суусу,
Капастагы тили каткан булбулдай.
Атырылып арыш керип чуркабайт,
Аркандалып жоошуган дулдулдай.

Күндүз көлдү, куйкаласа күн нуру,
Ай түнкүсүн алсыз ага төгүлөт.
Тоодо жылдыз конуп турса чокуда,
Чөл жеринде абдан алыс көрүнөт.

Күнү-түнү күкүктөнүп күү чалып,
Көк кашка суу тоонун болчу сүйгөнү.
Аскасынан дайым турчу жаңырып.
Аккан суунун каткырганы күлгөнү.

Көл сумсайып чөгүп чөлдө турганда,
Кээде келет тоонун эркин шамалы.
Эдельвейстей тоо гүлүнүн жытынан,
Эргип толкуйт көлдүн көгүш саамайы.

Чөл талаанын кайнап турган күнүндө,
Көктү тиктеп көл мелтиреп тунжурайт,
Арман сырын айтып досу шамалга,
Көбүктөнүп көл бетинен буу чыгат.

Улуу тоодон кабар айтса шамалдар,
Улам көлдүн бугу ташып буулугат.
Жээкке ташып тоодой болгон толкундар,
Тоо тарапка кетүүчүдөй булкунат.

Шамал айдап алып келет тоолорго,
Булуттарды аппак жоолук салынган.
Алар жетип аска-зоону кучактап,
Жашын төгөт Ала-Тоону сагынган.





## ТООЛОРУМ

Тоолорум менин турагым,
Тоолорум менин урааным.
Сагынып кээде жетпестен,
Томсоруп карап турамын.

Талаа, түз карек талдырат,
Сагынып, күтүп жалдырап
Тоолордун сансыз толкуну,
Жүрөктүн отун жандырат.

Тоолорум учкан уямсың,
Сырдашым, калем сыямсың.
Жаңылып, жазып иш кылсам,
Тоолорум сенден уялдым.

Жаңырган үнүм аскадан,
Өзүңдөн сапар башталган.
Сагынып келем сагынып,
Туурум, киндик кан тамган.

Канчада болсун курагым,
Энеме окшош ынагым.
Томуктай ишке жарасам,
Тоолорум өзүң сынагын.

Башынан сезип туямын,
Тоолорго окшош кыялым.
Кай мезгил барсам тососун,
Келди деп тоолук туягым.





## ЖАЙКЫ НӨШӨР

Жайкы нөшөр басылды,
Көз жашын булут токтотуп.
Көлчүктөр калды ар жерде,
Көк карап көзүн тостойтуп.

Чокусу асман тиреген,
Ак нөшөр жууду асканы.
Көбүгүн жайган булутка,
Көк асман көйнөк чайкады.

Сергиди аппак айлана,
Секелек кыздай жайдары.
Жүзүмдүн жүзү мөлтүрөйт,
Жуулуп упа, чаңдары.

Жашылы жанып кайрадан,
Жалбырак шакта дирилдейт.

Бугу бир чыккан булуттар,
Камгактай каалгып бириндейт.

Чачтарын жууп жамгырга,
Мажүрүм талдар таранды.
Асмандан нөшөр апкелди,
Жергеме жашыл ааламды.





## ТУРМУШ ЭЛЕГИ

Бактыбыздын башаты деп эсепте,
Эсен-аман төрөлгөн соң тумчукпай.
Мен келдим! - деп жар салабыз ааламга,
А өзүбүз кызыл этпиз муштумдай.

Тогуз айга толбой ара төрөлсөк,
Тону менен түшөбүз да унчукпай.
Аман калсак «Сатыбалды» аталып,
Чыр салабыз чыйрак чыгып укмуштай.

Туруп бутка турмуш жакка аттанып,
Улуулардын биз алабыз кезегин.
Ачуу чындык бар экенин билесиң,
Ата-эненин уккан кезде керээзин.

Айлап, жылдап өтө берет убакыт,
Турмуш тынбай, элеп келет элегин.
Жыргалынан жыртык, тешик көбүрөөк,
Бүтөлбөйт ал, табалбайсың себебин.

«Ээ дүнүйө баштан эле ушундай»... –
Деп - тобосун айтып келет карылар,
Жүздөрүндө жүз жылдыктын эсеби,
Түрү жоктой эч нерсеге камыгар.

Ойду-тоону томкоромун деп жүрүп,
Онтоп кээде очорулуп каласың.
Дал ошондо, далың тийип далбастап,
Турмуш жыгып нөл очкону аласың.

Өмүрлөрдү өргө карай чабабыз,
Оомал-төкмөл ортосунда жуурулуп.
Кыйын кезде кыл чайнашып, карышмай,
Кылыч болуп кындан кайра суурулуп.





## ШААРДЫК ДОСКО

Шаарың сулуу, шаарың шаңдуу билемин.
Шаардык болуп калды окшойт жүрөгүң.
Айылдагы туугандарың жүрүшөт,
Аман-эсен, иштеп түрүп билегин.

Жаркыратат түнкү шамдар шаарыңды,
Селдей каптайт машиналар агымы.
Ильич шамдын илдети көп биз жакта,
Айылыңды тейлейт айдын жарыгы.

Кыш оор түшөт тоо койнунда элетке,
Мештер жылыйт отун менен тезекке.
Шаарыңдагы чал-кемпирге кошулуп,
Тургандырсың дүкөндөрдө кезекте.

Айылыңда дайым чаңдуу чоң жолу,
Бирок такыр ташыркатпайт жоргону.
Кышта муздап, жайда каарып жүргөндүр,
Таманыңды асфальталган жолдору.

Ыр, күүлөргө толуп ташып тоо койну,
Айылында кечээ жакын той болду.
Кеп кезеги келген кезде сага арнап,
Сөз айтылды - ишке ашсын - деп болжолу.

Келбеди деп сага айып койуштту,
Аны кайра жакшылыкка жоорушту.
Четтен бирөө, сага чеки сөз айтса,
Антпегин - деп, сен тарапта болушту.

Ушул, досум, айтар сөзүм айтылды,
Тең бөлүшөм кубанычыңды, кайгыңды.
Келбесең да, кээде түштө көрүп жүр,
Киндик кесип, кириң жууган айлыңды.





## ЖАЙЛООНУ ЭҢСӨӨ

Эстедим тоо койнунда таңды аткан,
Эстедим казан нанды апам жапкан.
Жыңайлак көк шиберде баскым келди,
Шүүдүрүм тамчысынан мончок таккан.

Эстедим конушумду оту жанган,
Эстедим чоң энемди жомок айткан.
Ийниме арта салып баскым келди,
Кезегинде мылтыгын атам аткан.

Эстедим кой, эчкини жуушап жаткан,
Эңседим мөлбулакты шылдыр аккан.
Ат кылып кулунчакты куугум келди,
Көпөлөктөй дирилдеп кызды качкан.

Эстедим жайлоодогу таңды аткан,
Эңседим сүт илебин саалып жаткан...

Жарышып балдар менен кетким келди,
Айлуу түндө ак чөлмөк издеп жаткан.

Эстедим туу чокуну жылдыз таккан,
Эстедим жайлоо кечин салкын тарткан.
Отун жагып отургум келип турду,
Алоолонгон очокко күйүп жаткан.





## КЫЛЫМДЫК ЖАШ

Тургунбай биздин абабыз,
Токсон беш ашты мынакей.
Төрөгөн экен жолборсту,
Чоң энебиз Каныкей.

Кылымдык кылып өмүрдү,
Теңирим өзү берген - дейм.
Катышып эки согушка,
Темирдей болуп келген беймʔ

Көрсө да согуш азабын,
Кейибейт өткөн өмүргө.
«Даңк» орденден экөөнү,
Тагынып жүрөт төшүнө.

Тун уулу акем Өмүрбай,
Алтымыш ашкан кезеги.
Жалтактап турат абаман,
Жаш баладай кечээги.

Астейдил чалын караган,
Бурулчадай энебиз.
Экөөнү бирдей алпештейт,
Чыныгы гүл жеңебиз.

Небереси Асанбай,
Үйдүн атка минери.
Багуусун баптап абамдын,
Жүз ашырмак тилеги.

Тоготпой жашап келатат,
Токсон беш ашып жылындын.
Көргөндө өзүн абамды,
Көргөнсүйм өңүн кылымдын.





**БИЙИКТИК**
***(КРнын Айыл Банкынын төрагасы Токтоболотов Малабек Анашевичке)***

Бийик болуш өтө кыйын чынында,
Чынар өсүп ага жетет кылымда.
Адамдагы бийиктик - ал айкөлдүк,
Баарына тең, кичүү менен улууга.

Бийиктиктин символундай бүркүттөр,
Түйшүктөнүп кыраан таптайт мүнүшкөр.
Токпейилдик адамдагы бийиктик,
Азгыра албас аны алтын, күмүштөр.

Алп тоолордун бийик жери чокулар,
Ага чыгат жүрөгүндө оту бар.
Акыйкаттык адамдагы бийиктик,
Ал абийирдин мыйзамынан токулар.

Айда, Күндө, Көктө белем бийиктик,
Ал тарапка баары карайт тигилип.

Пастык менен бийиктиги адамдын,
Алпурушат бүтмөйүнчө тирүүлүк.

Жүрөктөрдүн түпкүрүндө бийиктик,
Жүрөктөргө карап турат тигилип.
Терендикте анын алтын тамыры,
Кебелбеген күч-кубаты биримдик.





# МАЗМУНУ

Арча жыт ырлар ........................................ 3
Кыргызым ................................................... 5
Сары-Челек ................................................ 7
Турандын кызыл жолборсу ........................ 9
Жорго ......................................................... 11
...Изимдер... ............................................ 13
Эки уюлу бир жердин ............................... 14
Чоң энемдин айтканы ................................ 15
Балалык ..................................................... 17
Тууган жер ................................................ 19
Омор Хаям ................................................ 21
Балалыктын асманы .................................. 23
Өмүр .......................................................... 25
Арча бешик, арча көпүрө .......................... 26
Убакыт ...................................................... 27
Ай .............................................................. 28
Нооруз ....................................................... 30
Кылым суроо ............................................. 31
Эне ............................................................. 32
Арча жыты канымда .................................. 34
Дүйнөң түшкүр ......................................... 36
Рыспай ....................................................... 37
Жайлоо кечи ............................................. 39

Чоң энелер ... 41
Кекилик ... 44
Үңкүрдөгү тойлор ... 46
Жар ... 48
Чер кайрыктары ... 50
Эскерүү ... 52
Итагар суусу киргенде ... 53
Ай тегерек сабы жок ... 55
Арчалар ... 57
Тоолордо улуу биримдик ... 59
Түш ... 60
Ата салты ... 63
Түнкү жолоочу ... 65
Тамчылар ... 67
Жаз ... 68
Алыкул ... 69
Мажүрүм тал сен белең? ... 71
Атамды эскерүү ... 73
Жайнаган гүлдөр апкелди ... 76
Сары алтындай сагыныч ... 77
Сары кар ... 79
Ай толгондо ... 81
Арча жыттуу айылым ... 82
Алакандар ... 84
Кесиптештер ... 88





Акындар ... 90
Жол ... 92
Суу, жол жана мен ... 94
Эки сандык ... 96
Булбул ... 98
Кары чал жана кара жер ... 100
Теңир заман, теңсиз заман ... 107
Ала-Тоодон аккан суу ... 109
Тоолорум ... 111
Жайкы нөшөр ... 113
Турмуш элеги ... 115
Шаардык доско ... 117
Жайлоону эңсөө ... 119
Кылымдык жаш ... 121
Бийиктик ... 123

*Көркөм-адабий басылма*

**БОРОБАЕВ АКМАТБЕК**

**АРЧА ЖЫТТУУ АЙЫЛЫМ**
*(Ырлар)*

Редактору *Нурлан Калыбеков*
Сүрөт редактору *Мырзабек Кадыров*
Корректору *Рапия Сакелова*
Тех. редактору *Жумагүл Сооронкулова*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Терүүгө 1.08.2007-ж. берилди. Басууга 23.08.2007-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70х90$^{1}/_{32}$. Мектеп ариби.
4,0 физ. басма табак. Нускасы 200.
Заказ№ 108. Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы
Киев көчөсү, 77. Тел.: 66-75-56, 66-75-58.



Акматбек Боробаев 1948-жылы Аксы районунун Афлатун айыл өкмөтүнө караштуу Итагар айылында туулган. 1973-жылы Кыргыз Мамлекеттик медицина институнун дарылоо факультетин бүтүрүп, врач-хирург адистиги боюнча эмгек жолун баштаган.

Учурда Аксы аймактык ооруканасында врач-травматолог кесибин аркалап эмгектенип келет.